**БЕКИТЕМ**

**2022-жылдын "30" 11**

**№ 98 буйругу менен**

# ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЁТ

**Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемеси**

**ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯ**

# Киришүү

- билим берүү уюмунунун дареги, жетекчинин аты-жөнү, телефон номерлери,
- e-mail.
- арыз
- токтом
- буйрук
- билим берүү уюмунун тарыхы
- билим берүү уюмунун кубөлүгү (көчүрмөсү)
- билим берүү уюмунун аккредитациядан өткөндүгү жөнүндө сертификаты (көчүрмөсү)
- билим берүүнүн уюмунун миссиясы
- минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база

1) Билим берүүнүн программасынын мазмуну жана окуу-методикалык камсыздалышы
2) Компетенттүү окутууну ишке ашыруу жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоо
3) Кадрдык саясаттын эффективдүүлүгү
4) Материалдык-техникалык база

## Киришүү

1.1 Жалпы билим берүү уюмунун маалыматы.

Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон району, Акман айыл аймагындагы Колот айылы Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектебинин жалпы мүнөздөмөсү

Билим берүү уюмунун аталышы: Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби

Дареги: Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон району, Акман айыл аймагындагы Колот айылы, Калыков Ш. көчөсү № 35

Менчик Формасы: Муниципиалдык.

Билим берүү уюмунун статусу: орто мектеп.

ИНН : 00210200310353 ОКПО: 21301384

Мектептин имараты: 2004-жылы ишке берилген. 1- этаждуу.

Мектептин ички аянттарынын жалпы кубатурасы: 2458 $м^3$

Мектептин жалпы аянты: 1,37га

Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектебинин тарыхы:

Тешебай Исак уулу атындагы №35 орто мектеби №39 Токтомго ылайык Колот айылында 1957-жылы Колот башталгыч мектеби болуп уюштурулган. 1978-жылы мектеп 8 жылдык билим берүү мектеби болуп, Н.К.Крупскаянын ысымы берилип, негизги мектепке айландырылган.1982-жылы мектепке кошумча үч бөлмөлүү курулуш курулган.1991-жылы Райондук кеңештин чечими менен мектеп орто мектепке айландырылып Тешебай Исак уулу атындагы орто мектеби болуп өзгөртүлгөн.2004-жылы республикалык бюджеттен 240 орундуу сметалык баасы 3351,4 миң сомдук мектептин корпусу курулуп, пайдаланууга берилген.Мектептин спорт залы мамлекеттик бюджеттин эсебинен 2010-жылы башталып, 2012-жылы ишке берилди. Ашкана жергиликтүү боюджеттен каржыланып, 2015-жылы курулду.

Азыркы учурда мектепте 424 окуучу билим алууда.

Мектептин окуп жаткан имаратында 10 класстык бөлмө, усулкана, шашке чай берилүүчү мектеп ашканасы, китепканасы, спорттук аянтча бар.

Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-апрелинде бекитилген Билим берүү жөнүндөгү мыйзамына, нормативдик укуктук актыларына, билим берүү

жөнүндөгү жалпы жоболордун негизинде жана 2015-жылы 19-январда бекитилген мектептин Уставына ылайык иш алып барат.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы N403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык иш алып баруу менен Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби билим сапатын камсыздоо максатында мектептин миссиясын жана максаттарын иштеп чыккан.

1. **Билим берүү уюму жөнүндө маалымат**

| | |
|---|---|
| 1.1 Билим берүү уюмунун аталышы | Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемеси |
| 1.2 Дареги | Базар-Коргон району, Акман айыл өкмөтү, Колот айылы, Калыков Шамырза көчөсү, №35 |
| 1.3 Билим берүү уюмунун жетекчисинин аты-жөнү, байланыш телефону | Рахманова Тазагуль Азимжановна 0778 20 30 45 |
| 1.4 Камкордук кеңешинин жана ата-энелер комитетинин жетекчисинин аты-жөнү, байланыш телефону | Алтымышова Тазагул Шайлообековна 0778 00 78 22 |

**1.5 Менчиктин түрү:** мамлекеттик

*(мамлекеттик, муниципалдык менчик, башка)*

**1.6 Билим берүү уюмунун статусу**: билим берүү мекемеси

**1.7 ИИН** 00210200310353

**Мектептин почтасы:** teshebai35@gmail.com

**Мектептин сайты**: teshebai-35

## Мектептин тарыхы

- Тешебай Исак уулу атындагы №35 орто мектеби Колот айылында 1957-жылы “Колот” башталгыч мектеби болуп уюштурулган.
- 1978-жылы мектеп 8 жылдык билим берүү мектеби болуп, Н.К.Крупскаянын ысымы берилип, негизги мектепке айландырылган.
- 1982-жылы мектепке кошумча үч бөлмөлүү курулуш курулган.
- 1991-жылы райондук кеңештин чечими менен мектеп орто мектепке айландырылып,”Тешебай Исак уулу” атындагы орто мектеби болуп өзгөртүлгөн.
- 2004-жылы республикалык бюджеттен 240 орундуу сметалык баасы 3351,4 миң сомдук мектептин корпусу курулуп, пайдаланууга берилген.
- Мектептин спорт залы мамлекеттик бюджеттин эсебинен 2010-жылы башталып, 2012-жылы ишке берилди.
- Ашкана жергиликтүү бюджеттен каржыланып, 2015-жылы курулду.

## Билим берүү уюмунун миссиясы:

Билим берүүдө мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде окуучулардын билим алуусун камсыздоо жана жаңы эаманбап технологияларды колдонуп, билим сапатын жогорулатуу менен келечекке жол ачуу.Ата-энелер, жергиликтүү коомчулук менен тыгыз байланышта иш алып барып, ден соолугу чың, ар тараптан өнүккөн инсандын тарбияланышына шарт түзүү;

## ИСУО боюнча маалымат

ИСУО-билим берүү уюмдарынын базасы 2019-2020-окуу жылынан баштап мектептерге киргизилди. Базага мектеп жөнүндө маалымат, дареги, Google картадагы жайгашкан жери, сменддүүлүгү, мектептин жалпы аянты камтылды.Базага мектеп админстрациясы, мугалимдер жамааты, тех.кызматкерлер, жалпы мектеп окуучуларынын өздүгүн тастыктаган документтери, күбөлүктөрү, дипломдору, эмгек китепчелери киргизилди. Окуу программалары, предметтер,каржы булактары, түшүүлөр, чыгымдар, китеп боюнча маалыматтар, окутуу максатында колдонулган техникалык каражаттар, суу, санитария, гигиена, интернет түйүнү боюнча маалыматтар базага түшүрүлдү.Окуучулардын саны, классы, окуган предметтери, окуткан мугалимдери,  билим сапаттары, чейрек сайын окуучулардын келүү кетүүсү, катышуу жетишүүсү, билим сапатынын пайызы жазылып турат.

## Программалык аккредитациялоо учурунда ички баалоонун натыйжалары боюнча

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, 2022-жылдын 2-июнундагы №56 буйругунун негизинде эксперттик комиссия 2022-жылдын 30-августунан баштап 2022-жылдын 30-ноябрына чейин Тешебай Исак уулу атындагы  №35 жалпы билим берүүчү мектеби мекемесинин ишке ашырылуучу төмөнкү билим берүү программаларынын: орто жалпы ички баалоосун жүргүздү.

## 2. Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база

| | Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер | Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары | Тастыктоочу база |
|---|---|---|---|
| **1.Билим берүү программасынын мазмуну жана окуу-методикалык камсыздалышы** | | | |
| 1.1 | Окуу планынын жана программалардын,билим берүү стандартынын,базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | 1.Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт<br>2.Базистик окуу планы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-августундагы №1529/1буйругунун негизинде бекитилген<br>3.Акман айыл округунун Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүү мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата штаттык бирдиги түзүлгөн.<br>4.Мугалимдердин окуу жүктөмүнө жараша тарификация жүргүзүлгөн.<br>5.Программалар, окуу китептери,текшерүүчү дидактикалык материалдар,усулдук адабияттар тематикалык иш чаралар окуу планына,билим берүүнүн мазмунунун милдеттүү минимумуна , окуутунун сапатынын жыйынтыгына, окуучулардын өнүгүүсүнүн деңгээлине жана психологиясына дал келүүсү | Базистик окуу планы<br>Окуу планы<br>Тарификация<br>Пед.кеңешменин токтомдору |
| 1.2 | Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | 1.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, Бишкек шаары 2014-жыл 21-июлундагы №403 буйругунун,Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын негизинде календардык-тематикалык пландар түзүлгөн.<br>2. Мугалимдер мамлекеттик стандарттын | Билим берүү стандарты.<br>Календардык план.<br>Күндөлүк план<br>Сүрөттөр |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | негизинде күндөлүк пландарды жазышат.<br>3.Заманбап техникалык каражаттарды пайдалануу менен сабактарды сапаттуу өтүшөт.<br>4.Мектепте усулдук күн,педагогикалык окуулар өтүлөт. | |
| 1.3 | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине,анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу-методикалык адабияттардын фонду)болушу | 1.Мектепте окуучулар окуу китеби менен камсыз болушкан.<br>2.Ыңгайлаштырылган китепкана бар<br>3.USAID фонд тарабынан “Керемет окуу” долбоору боюнча башталгыч класс мугалимдери жана окуучулары үчүн адабий китептери, усулдук колдонмолор алынып келинди<br>4. Окуу китептери китепканачы тарабынан жетишпеген жана жараксыз китептер боюнча отчёттор өз убагында райондук билим берүү бөлүмүнө берилип турат. | Д-10 отчёту<br>Сүрөттөр<br>Китепкана боюнча маалымат. |
| 1.4 | Билим берүү программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн ,керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизминин болушу | 1.Окуучуларга жетишпеген китептер ата-энелер жана демөөрчүлөр тарабынан алынып берилет.<br>2.Ата-энелер менен окуучуларды китеп окууга кызыктыруучу иш-чаралар өткөрүлүп турат.<br>3.Окуу китептеринин жакшы колдонулушу үчүн ай сайын текшерилип турат.<br>4.Коридордо окуучулар үчүн ар түрдүү бурчтар уюштурулган. | Сүрөттөр |
| | **Күчтүү жактары:** | Окуу планын жана программалардын билим берүү стандарттарына ылайык ,базистик окуу пландарынын талаптарынын негизинде окуу процесси жүргүзүлөт. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Окуу методикалык камсыздоолор билим берүү стандарттарына ылайык тандалууда жана ар бир предмет боюнча колдонулууда.<br>Окуучулардын контингентине жана окутуу тилине жараша жетиштүү маалыматтык ресурстар окуу-методикалык адабияттардын фонду уюштурулууда.<br>Билим берүү программасынын окуу методикалык камсыздоонун мазмунун жакшырышы кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канаттануусун мезгилдүү баалоонун маалыматтык базасында ишке ашырылууда. | |
| | **Алсыз жактары:** | 1.Материалдык техникалык базаны жаңылап,толуктоо үчүн каражат жетишсиз.<br>2.Ата-энелердин баласынын билим алуудагы жетишкендиктерине жоопкерчиликтеринин аздыгы.<br>3.Окуу планынын көлөмү көп, окутуу үчүн сааттар аз берилген | |
| | **Сунуш:** | 1. Окуу пландары жана программалары бүгүнкү талапка өнүккөн технологиянын заманына ылайык түзүлсө, окуу китептери менен дал келсе.<br>2. Окуу-методикалык куралдар да азыркы билим берүү стандарттына ылайык чыгарылса.<br>3. Окуучулардын контингентине ылайык жетиштүү-маалыматтык ресурстар, айрыкча орус | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | тили жана башка предметтерден көп чыгарылса.<br>4. Мезгилдүү баалоо маалыматтык коопсуздукту камсыздоо кызыкдар тараптын канааттануусун реалдуу чечсе | |
| **2.Компетенттүү окутууну ишке ашыруу жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоо** | | | |
| 2.1 | Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу | 1.Мектеп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги иштеп чыккан билим берүү программаларынын алкагында иш алып барат.<br>2.Усулдук бирикмелердин башчылары жана курамы Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүү мектебинин №1 педагогикалык кеңешмеде каралып,2022-жылдын 29-августундагы № 65 буйругу менен бекитилген.<br>3.Класстан тышкаркы иштер боюнча иш-пландары түзүлүп, анын негизинде иш алып барылат. | Методикалык кеңештин жана методикалык бирикмелердин иш пландары<br>Класстан тышкаркы иштердин иш пландары |
| 2.2 | Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу | 1.Мектептин миссиясы менен дал келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык так аныкталган билим берүү максаттары иштелип чыккан.<br>2.Мугалимдер менен усулдук иш алып баруунун,мугалимдер тарабынан инновациялык технологияларды жана ыкмаларды колдонуу менен сабактар өтүлөт.<br>3.Мугалимдердин 80% компьютердик курстан | УБнын жылдык иш-пландары.<br>Ийримдердин пландары<br>Сертификат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | өтүп,сертификатка ээ болушту.<br>4.Окуучулардын билим сапатынын мониторинги чейрек сайын жүргүзүлүп турат.<br>5.Олимпиаданын жобосу,иш планы,даярдоо графиги түзүлүп,ошонун негизинде иш жүргүзүлөт.<br>6.Курагына,жынысына,этностук,диндик белгилерин,жашаган жерине,акыл эс жана дене бой өнүгүүсүнө,социалдык экономикалык статусуна ж.б.карабастан,сапаттуу негизги билим алууга мүмкүнчүлүк берилет. | Билим сапатынын мониторинги<br>Олимпиаданын жобосу, иш-планы графиги |
| 2.3 | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу | 1.Педагогикалык окутуу методдорун баалоо жана корректировкалоо максатында мектеп администрациясы ачык сабактарга катышып, ар бир сабакка тиешелүү анализдер берилет.<br>2.Окуучулардан кайтарым байланыш алуу боюнча текшерүү иштери,жат жазуу жана тесттер алынып турат.<br>3.Баалоонун диагностикалык, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу түрлөрү менен бааланат. | Сабакка анализ<br>1.Кыргыз тили<br>2.Тарых<br>3. География сабактарынан жат жазуу жана тесттери боюнча диаграмма |
| 2.4 | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун обьективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу | 1.Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо үчүн процедуралар жана куралдар,ченемдер жана баалоо критерийлери бекитилген жана колдонулат.<br>2. Предметтер жана класстар боюнча жетишкендиктерди туруктуу мониторинг жана баалоо жүргүзүлөт,жыйынтыктарды жана натыйжаларды жакшыртуу боюнча көрүлгөн чаралардын талдоосу берилген.<br>3.9-класстын бүтүрүүчүлөрүнөн жалаң “эң | Баалоонун нормативдери<br>Предметтердин мониторинги<br>Класстар мониторинги<br>Артыкчылык күбөлүк алган окуучулардын мониторинги |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жакшы" деген баага окуган окуучуларга артыкчылык күбөлүк берилет.<br>4.Ар жыл окуучулардын,ата-энелердин, мугалимдердин мектептин ишмердүүлүгүнө канаттануусун изилдөө максатында социалдык сурамжылоо өткөрүлөт. | |
| 2.5 | Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери,жол-жоболору жана жыйынтыктары,ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу | 1.Мектепте окуу процессине,класстан тышкаркы иштерге, кароо-сынактарга,спорттук мелдештерге дайыма мониторинг жана мезгил-мезгили менен баалоо жүргүзүлүп турат.<br>2.Мектеп жетекчилиги жана мугалимдер арасында мониторинг жана мезгил-мезгили менен баалоо жүргүзүү үчүн тиешелүү жоболор иштелип чыгып жооптуу кызматкерлердин арасында функционалдык милдеттерде көрсөтүлгөн. | Функционалдык милдеттер |
| 2.6 | Коопсуз,өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо,билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу | 1.Мектептин коопсуздугун камсыз кылуу боюнча Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүү мектебинде жылдык иш-планы иштелип чыккан.<br>2.Коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу иш-планы ата-энелердин чогулушунда бекитилген.<br>3.Мектепте антитеррордук паспорт уюштурулган.<br>4.Окуучулардын коопсуздугун алдын алуу боюнча жобо иштелип чыккан.<br>5. Өрт коопсуздугу боюнча иш-план иштелип чыкты.<br>6.Персоналдардын коопсуздугу боюнча инструкция иштелип чыгып, тааныштырылып,кой койдурулган | Коопсуздук планы жана эрежелери.<br>Өрткө каршы иш-план<br>Эмгекти жана коопсуздукту коргоо иш планы.<br>Ден-соолук барагы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 7.Окуучулардын ден-соолугу дарыгерлердин кароосунан өткөрүлөт жана оорулуу балдардын ата-энелери менен байланышып, дарылануусу жөнүндө сунуштар берилет. | |
| 2.7 | Ички жана тышкы баалоонун,системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы | 1.Акыркы 5 жылдын ичинде жүргүзүлгөн маалыматтардын мониторинги жана билим сапатын жакшыртуу боюнча көрүлгөн чаралардын талдоосу берилген.<br>2.Төмөнкү натыйжалар боюнча акыркы жылдын ичиндеги динамиканын талдоосу берилди.<br>-ЖМА(9-класс,11-класс) | 5 жылдык билим сапаттын мониторинги.<br>ЖМАнын маалыматы |
| 2.8 | Кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу | 1 .Жамааттык келишимдер<br>2. Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча мектеп, окуучу, ата-энелер менен биргеликте келишим түзүлөт.<br>3.Ата-энелер комитеттеринин 2022-2023- окуу жылы боюнча иш планы түзүлүп, иш алып барылат<br>4. Ата-энелер комитетинин жобосу түзүлгөн.<br>5. Пед кеңешинин, УБнын жобосу иштелген.<br>6. Кызыкдар тараптардын арыздарын катталат жана иш алып барылат. | Келишимдер<br>Ата-энелер иш планы<br>Ата-энелер комитетинин жобосу |
| | **Күчтүү жактар:** | 1.Окутуу максатына ылайык пландаштырылган .<br>2.Окутуу-тарбиялоо прцессинде инновациялык технологиялар жана усулдар колдонулуп жатат.<br>3.Окутууну баалоонун түрлөрү боюнча баалашууда (Формативдик жана суммативдик)<br>4.Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди мониторинг аркылуу | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | баалоонун жыйынтыгы чыгарылат.<br>5.Окуучуларды баалоонун эрежелери жол-жоболору жыйынтыктары: чейректик баалар, тесттер, текшерүү жазуу иштери, мониторинг<br>6.Жаш өзгөчөлүктөрүн эске алынат, ыңгайлуу шарттарды түзүлгөн, санитардын-гигиеналык абалы жакшыртылган, ысык-тамак менен камсыз кылынган.<br>7.Окуучулардын олимпиадаларга катышуусу жыйынытыктарынын натыйжасын мониторинг жасоо. | |
| | **Алсыз жактар:** | 1.Окутуу процессинде инновациалык технологиялар жетишпейт.<br>2.Азыркы күндө коопсуз,өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн түзүү маселеси биринчи орунда мектеп рекетчилигин жою мигранттын балдарынын психологиясы оор бойдон калууда. | |
| | **Сунуштар:** | 1. Окутуунун, окутуу-тарбиялоо процессинде жаңы технологияларды, усулдарды конкреттүү иштеп чыгып усулдук борборлор аркылуу заман талабына шайкеш келген кесиптик чеберчиликтерин жогорулатуу курстарына жөнөтүү<br>2. Окутууну баалоодо, корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин усулдарын үйрөнүү боюнча усулдук колдонмо керек.<br>3. Окуучуларды баалоодо башка эрежелерди колдонууну ачык айкын көрсөтүү зарыл. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 4. Ыңгайлуу, ден-соолук үчүн коопсуз,тажатма эмес окуу процесстерин уюштуруу керек. | |
| **3.Кадрдык саясаттын эффективдүүлүгү** | | | |
| 3.1 | Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | 1.Педагогикалык курам квалификацияларга жана билимдерге карата коюлуучу талаптар ылайык толугу менен комплектенген. Мектептин штаттык бирдиги 2022-жылдын сентябрында райондук билим берүү бөлүмү тарабынан бекитилген. Штаттык бирдик боюнча мектепте директор 1ст, ОББсы 0,75ст, организатор завуч 0,5ст, соцпедагог 0,5ст,ашпозчу 0,5ст,кароол 2ст, китепканачы 1ст. Штаттык бирдик боюнча жумушчулар толук. Жалпы 31 мугалимдин ичинен башталгыч классында 9, кыргыз тили предметинен 4, орус тили предметинен 3, англис тили предметинен 2, математика предметинен 3, информатика 1, физика предметинен 1, химия предметинен 1, биология предметинен 2, география предметинен 1, тарых предметинен 1, дене тарбия 2 мугалим, китепканачы 1 мугалим эмгектенет.<br>2. Мектеп мугалимдеринин эмгек стаждары төмөнкүчө:<br>1-5 жылга чейинки: 7<br>5-10 жылга чейинки: 6<br>10-15 жылга чейинки: 6 | Штат бирдиги<br>Тарификация<br>Мугалимдердин кыймылы.<br>РИК-83 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 15-24 жылга чейинки: 4<br>25 жылдан жогору 8<br>Ар бир мугалим өзүнүн адистиги боюнча сабак берет. | |
| 3.2 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү,ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону,анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Мектеп администрациясы балдарды окутууда физикалык жана коопсуз чөйрөнү түзгөн.<br>1. Мектептин каридорунда жана короосунда 16 жерде видео көзөмөл орнотулган<br>2. Эвакуация планы.<br>3. Коридорлордо, ашканада огнетущительдер бар.<br>5. Окуучулар менен ай сайын өрт коопсуздугу боюнча машыгуулар өткөрүлүп турулат.<br>5. Антитеррордук паспорт.<br>6.Эмгекти коргоо жана өрт коопсуздугу боюнча инструктаж түзүлгөн.<br>7. Соц. педагогдун иш-планы жана иш-чаралары | Сүрөттөр<br>Антитеррордук паспорт.<br>Инструктаж китепчеси.<br>Соц.педагогдун иш-планы |
| 3.3 | Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү,алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу | 1.Зыяндуулук шартты изилдөө боюнча комиссиянын курамы боюнча 12.11.2022-ж. № буйрук.<br>2.Ата-энелердин билим берүү процессине катышуусу жана баалоосу<br>3.Административдик баалоо(өз ара сабакка катышуу)<br>4.Жыл сайын педагогдор өз билим жогорулатуучу курстардан өтүп турушат. | Зыяндуулук<br>Ата-энелердин баалоосу<br>Өз ара сабакка катышуу<br>Курстан өтүү график |
| | Күчтүү жактар: | 1.Мугалимдердин негизги бөлүгү тажрыйбалуу жана жогорку билимдүү, өз ишин мыкты билген, чеберчилик, изденүү менен иштеген эмгек | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жамааты топтолгондугу.<br>2. Долбоорлор тарабынан өткөрүлгөн семинар, окуу-тренингдерге мугалимдер байма-бай катышуусу.<br>3. Маалыматтык техникалык каражаттар менен мугалимдердин баары колдоно алышы.<br>4. Мугалимдердин арасында жаңы стандарт боюнча тренерлердин бардыгы.<br>5. Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүүдө тынымсыз иштөөсү.<br>6. Семинарларга катышуу менен ар кандай усулдар менен сабак берүүсү.<br>7. Физикалык коопсуздук боюнча мектепте балдардын окуусуна бардык шарттар түзүлгөндүгү. Класс жарыктандырылган,таза, желдетип турат. Класстардын терезелери ачылат. | |
| | **Алсыз жактары:** | 1. Акча каражатынын жетишсиздиги.<br>2. Ата-энелердин жоопкерчилигинин аздыгы.<br>3. Айрым педагогдордун заманбап техниканы өз деңгээлинде өздөштүрбөгөндүгү. | |
| | **Сунуштар :** | 1. Бүгүнкү күндө педагогдордун билими, өз билимин өркүндөтүүсү, билим берүү программасына шайкеш келбей жатат. Сапаттуу кадр даярдалса... Курстарга окутууда ыңгайлуу шарттар түзүлсө;<br>2.Мектепте бардык билим берүү процессинин катышуучулары үчүн коопсуз, өз ара мамилени | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | баалоо, анын жыйынтыгы боюнча чечим кабыл алууну уюштуруучу активдүү уюм болуу зарыл;<br>3.Педкадрлардын кесибин өнүктүрүүдө, квалификациясын жогорулатууда ыңгайлуу шарттар түзүлсө;<br>4.Сырттан окугандар сапаттуу билим алса.<br>5.Бүтүрүүчү класс окуучуларын педагогикалык кесипке кызыктырып стимул боло турган шарттар иштелип чыкса;<br>6. Мугалимдерге коммуналдык чыгымдар төлөнүп берилсе; | |
| **4. Материалдык-техникалык база** | | | |
| 4.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына,анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүүболгон окуу имараттарынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары,лабораториялар,компьютердик класстар,спорт зал)болушу | - Окуу каанасы - 11<br>- Административдик кааналар - 2<br>- 2 даана проектор<br>- Спорт зал бар<br>- Спорттук аянтча бар<br>- 9 телевизор<br>- Парта 140 даана, отургуч 250 даана - Ысык суу бар<br>- Кол жуучу раковиналар 4даана<br>- Ашкана бар<br>- Видеокөзөмөл 16 даана<br>- Ажааткана бар 12 уялуу(сыртта)<br>- Окуу кабинеттери бардык предметтер боюнча жетишсиз<br>- Жылытуу системасы электр энергиясы<br>- Китепкана бар ынгайлаштырылбаган | Сүрөттөр<br>Кабинеттин планы жана паспорту |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.2 | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо(экологиялык,санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер,өрткө каршы коопсуздук,эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо боюнча:<br>1 .Окуучулардын жана кызматкерлердин коопсуздугу боюнча жобо түзүлгөн.<br>2. Эмгекти жана коопсуздукту коргоонун иш планы түзүлгөн.<br>3. Мектеп ичинде коопсуздукту сактоо боюнча журнал жана бурч уюштурулган.<br>4. Өрткө каршы бардык каражаттар( суу сактагыч, өрт өчүргүч щиттер, өрт өчүрүү балондор, ж.б.)менен камсыздалган<br>5. Антитеррордук коргонуу боюнча УКМК жана ИИМ тарабынан бекитилген паспорт.<br>6. 16 видео байкоо камералары.<br>7. Мектептин кире беришинде кол жуучу 6 умывальник.<br>8. Ашканада окуучулардын кол жуусу үчүн ысык суу уюштурулуп , 4 раковиналар орнотулган жана кол жуучу каражаттар, солфеткалар, суюк самындар менен камсыздалган.<br>9. Мектепте ысык тамак уюштурулган.<br>10. Эвакуация пландары түзүлгөн.<br>11. Ар бир кабинетте жашылдандыруу боюнча гүлдөр жогорку деңгээлде уюштурулган. | Иш план<br>Өрткө каршы<br>Антитеррордук паспорт<br>Сүрөттөр(коопсуздук боюнча, видео камера, ашкана, кол жуучу жай,кабинеттеги гүлдөр)<br>Ысык тамак расписаниеси |
| 4.3 | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо,баалоо,талдоо жана пландоо механизминин болушу | Педагогикалык курамга, окуучуларга окутуунун күтүлгөн натыйжасына жетишүүсү үчүн жеткиликтүү болгон материалдык ресурстар:<br>1.Материалдык -техникалык базанын чыңдалышы боюнча план түзүлүп,жобо иштелип чыккан. | Китеп фонду<br>Сүрөттөр |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Мектеп техникалык каражаттар менен 70% камсыздалган. Базар –Коргон өнүктүрүү фонду тарабынан 1 кабинеттин мебелдери 2022-жылы жаңыртылган. Китеп фонду жана беш жыл ичинде мектепке тартылган инвестиция.<br>1. Китепкана фонду 6745 китеп<br>2. Акман айыл өкмөтү 786 000 сом<br>3. Өнүктүрүү фонду 91200 сом<br>4. Демөөрчүлөр 270 000сом<br>5.Көзөмөлчүлүк кеңеши 350 400 сом<br>6.ООНДАТП 363 600сом | |
| | **Күчтүү жактар:** | 1.Материалдык-техникалык базасынын чыңдалышы.<br>2.Мугалимдерге жана окуучуларга шарттардын түзүлүшү жана материалдык – техникалык базанын болушу.<br>3. Заманбап технологиялардын жардамы менен сабак өтө алышы.<br>4. Окуучулар үчүн ашкана бар<br>5. Коопсуздукту камсыздоо үчүн 16 жерде видео көзөмөл уюштурулган.<br>6.Маалымат ресурсу жеке интернеттен кеңири колдонулушу. | |
| | **Алсыз жактар**: | 1.Мектепте окуу кааналары жетишпейт<br>2. Окуучулардын чыныгы санына китепкана фондунун саны жетишсиз жана компьютердик класс жок;<br>3.Класстарда парта, стол эмеректеринин сапаты начар, эскилиги жеткен; | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 4.Лабораториялар, заманбап көргөзмө куралдар, реактивдер, жабдуулар менен камсыздалган эместиги;<br>6.Мектепке кабель аркылуу интернет туташтыруу;<br>7. Ремонт иштерине бюджеттен аз акча бөлүнүүсү.<br>8. Окуу куралдарына акча каражатынын жетишсиздиги.<br>9. Ички жана тышкы миграциянын күчөшү. | |
| | **Сунуштар :** | Окуучулардын замандын талабына ылайык билим алуусу үчүн кошумча имарат жана актовый зал куруу зарылчылыгы бар.Окуучуларды ЖРТга,олимпиадаларга даярдоого класстар болсо.Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу талапка ылайык жабдылса (санитардык-эпидемиологиялык шарттардын болушу,медициналык кызматкер керек, өрткө каршы жаңы жабдуулар зарыл). | |

Корутунду

Жүргүзүлгөн өзүн-өзү баалоо комиссиясынын чечимин угуп, пед.кеңешме талкуулап ,чечим чыгарып, мектепти программалык аккредитациядан өтүү үчүн документтерди жиберүүнү сунуштайт.

1.Рахманова Т-мектеп директору комиссиянын төрайымы ______________

2.Тажибаева А-окуу бөлүмүнүн башчысы, төрайымдын орун басары ______________

3.Кыргызбаева Н-тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары, мүчөсү ______________

4.Амангелди кызы А-соц педагог, мүчөсү ______________

5.Насердинова Т-УБ жетекчиси, мүчөсү ______________

6.Жаныбекова Н-информатика мугалими, мүчөсү ______________

7.Темиркулова Г-география мугалими, катчы ______________

8.Алтымышова Т-ата-энелер комитети, мүчөсү ______________

9.Досуев А-айыл башчы. мүчөсү ______________